**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешининин отурумунун**

**№ 11 ПРОТОКОЛУ**

**2022-жылдын 7-июлы** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.

**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Алымбекова В., ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Жайкы сессиянын жана Мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы
2. Университеттин жана факультеттин Окумуштуулар кеңештеринин чечимдеринин аткарылышы
3. Ар түрдүү маселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен факультетин жаштар комитетинин төрайымы Мусабекова Жумагул шартка байланыштуу келе албай калгандыгын айтып, ошентсе да кворум бар экендигин билдирип, Окумуштуулар Кеңешин баштоону добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

**1. Жайкы сессиянын жана Мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы**

Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын ага окутуучусу Үсөн уулу М. Жайкы сессиянын жана Мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча маалымат берди. Ал өз баяндамасында жайкы сессиянын жыйынтыгы толугу менен аяктандыгын билдирген жана ошону менен биргеликте тайпалар боюнча GPA баллы эң жогорку студенттерди атап өттү. 2-курстар «Кыргызстан тарыхы» «Кыргыз тили жана адабияты» «Кыргызстан географиясы»» боюнча мамлекеттик аттестациялык сынакка "Кытай таануу" жана "Лингвистика" адистигинен жалпы 31 студент катыштыкан. Мында 3 студент эң жакшы деген баага, 14 студент жакшы деген баага , 9 студент үч деген баага тапшыргандыгын ал эми 5 студент кийинки сынака калтырылгандыгы айтылды. 2020-2021-окуу жылындагы "Лингвистика" адистигиндеги бүтүрүүчүлөрдөн 2 студент«Кыргызстан тарыхы» «Кыргыз тили жана адабияты» «Кыргызстан географиясы»» боюнча мамлекеттик аттестациялык сынакка кызыл диплом алуу үчүн кайрадан тапшырууга уруксат алып кирип жыйынтыгында жакшы деген баа алып калагдыгында айтыды.
№2319-О/22 буйруктун негизинде бакалавр дипломду коргоо жана комплекстик экзамен боюнча мамлекеттик аттестациялык сынакка "Кытай таануу" жана "Лингвистика" адистигинен жалпы 50 студент катыштыкан. Эки адистиктен биригеликте 47 студент эң жакшы деген баага, 38 студент жакшы деген баага, 14 студент үч деген баага тапшырган. "Кытай таануу" адистигинен 1студентин дипломдук иши антиплагиаттык текшерүүдөн өтпөй калгандыктан дипломду коргоого катышпай калгандыгы айтылды.

№2037-ФХД/20 буйруктун негизинде магистратура дипломду коргоо жана комплекстик экзамен боюнча мамлекеттик аттестациялык сынакка “Кытай таануу” жана “Лингвистика” адистигинен жалпы 14 студент катыштыкан. Жыйынтыкта сапаттык жетишүү 87% жана абсолюттук жетишүү 87% деген пайыздарды түзгөн.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 14;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

2. **Университеттин жана факультеттин Окумуштуулар кеңештеринин чечимдеринин аткарылышы**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Университеттин жана факультеттин Окумуштуулар кеңештеринин чечимдеринин аткарылышы боюнча баяндама жасады. Төрагасы Т.К.Айтикеев 2021-2022-окуу жылындагы Окумуштуулар кеңешинин жылдык иш планынын негизинде иш жүргүзүлгөндүгүн билдирди. Мында төрага Т.К. Айтикеев иш пландын негизинде ар бир өткөрүлгөн иш чаралар боюнча айтып, айтылган иш чаралардын баары өз убагында аткарылгандыгын айтып, мында мисалга “ОшМУнун мыкты окутуучусу -22” конкурстарынын жыйынтыгынын негизинде конкурстун университеттик этабына **“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу** М. А. Маткеримова эжеке жана ОшМУ дагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси - 22” конкурстарынын жыйынтыгынын негизинде конкурстун университеттик этабына **“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу** Акылбек уулу Эрлан агай катышып жакшы жыйынтык көргөзгөнү, окутуучулар тараптан ачык сабактар өткөрүлгөндүгү дегиле жыл ичи аткарылган иш чаралар толук аяктагандыгы боюнча айтылды.

Практика жетекчиси “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Практика жетекчиси Пазылов Т. Студенттерге өтүлгөн практикасы туралууда маалымат, түзүлгөн келишимдер туралуу маалымат берип толуктады.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 14;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

3. **Ар түрдүү маселелер**

3.1 Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев 2022-2023-окуу жылдарына Кыргыз - Кытай факультетин 10 жылдыгын белгилөөчү иш чарага болорун айтып бул иш чарага жогорку деңгээлде даярдыктарды жасап өткөрүлө тургандыгын белгиледи

3.2 Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев 2022-2023-окуу жылында илим изилдөө жана макала жазуу боюнча маселелерди карап, илим багытын өнүктүрүү зарылдыгын билдирди.

Ар түрдүү маселелерде айтылган эки маселе боюнча тең ОКнин жалпы курамы төраганы бир добуштан толук колдошту

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Жайкы сессиянын жана Мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча айтылган баяндама канааттандырарлык деп табылсын.
2. Университеттин жана факультеттин Окумуштуулар кеңештеринин чечимдеринин аткарылышы боюнча айтылган баяндама канааттандырарлык деп табылсын.

3.1 2022-2023-окуу жылында Кыргыз- Кытай факультетин 10 жылдыгын белгилөөчү иш чарага жогорку деңгээлде даярдыктарды жасалсын.

**3.2** 2022-2023-окуу жылында илим изилдөө жана макала жазуу маселелери каралсын, илим багыты өнүктүрүлсүн.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы: М.М. Таштанова**